**Чет тили (англис тили, немис тили) сабактары боюнча баалоонун критерийлери**
**3-11-класстар**

**1. Окуу**

**“5”** – берилген текстти шар окуй алса, мазмунуна түшүнсө, суроо бере билсе жана ага жооп бере алса;
**“4”** – берилген текстти шар окуй алса, мазмунуна түшүнсө, бирок мазмунуна карата суроо коюп жана ага жооп бере албаса;
**“3”** – текстти жай окуса, мазмунуна толук түшүнө албаса, сөздүксүз которо албаса;
**“2”** – текстти окуй албаса, ар сөзгө сөздүк колдонсо.

**2. Аудирование (угуп түшүнүү)**

**“5”** – угуп жатып эле мазмунун түшүнсө, түшүнбөгөн сөздөрүн контекст аркылуу түшүнсө;
**“4”** – текстти толук түшүнөт, бирок ичинен кээ бир маалыматтарын түшүнө албайт;
**“3”** – тексттин 50%ын эле түшүнөт, толук маалымат ала албайт;
**“2”** – угуп жатып эч нерсе түшүнбөсө.

**3. Сүйлөө**

**“5”** – берилген тапшырманы толук аткарса, сүйлөгөндө грамматиканы туура колдонсо, катасы жок болсо;
**“4”** – берилген тапшырманы аткарса, сүйлөө речинде бирин-экин грамматикалык ката кетирсе;
**“3”** – сөз байлыгы чектелүү болсо, сүйлөгөндө бир топ грамматикалык каталарды кетирсе, сөздөрдү так айтуусу даана эмес болсо;
**“2”** – сүйлөгөндө көп грамматикалык каталарды кетирип, сүйлөмдөрдүн түзүлүш тартибин туура эмес колдонсо.

**4. Жазуу (тест, диктант)**

**“5”** – таза, сулуу жазылып, экиден көп ката кетпесе; тест болсо, берилген тапшырманын 90%ы аткарылса;
**“4”** – төрт ката кетсе; тест болсо, берилген тапшырманын 80-85%ы аткарылса;
**“3”** – он ката кетирсе, берилген тапшырманын (тесттин) 70%ы аткарылса;
**“2”** – 15тен ашык ката кетирсе, берилген тапшырманы (тестти) толук аткарбаса.

**5. Эссе**

**“5”** – берилген тапшырманын мазмунун толук ачып, 5тен көп ката кетирбесе;
**“4”** – теманы ачып бере алса, сүйлөмдөрдүн структураларын туура колдонсо, 8ден ашык ката кетирбесе;
**“3”** – теманы толук ача албаса, сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн туура колдонбосо, 12ден ашык ката кетирсе;
**“2”** – 15тен жогору ката кетирсе.